ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№05/25 протоколу

2025-ж. 29-декабры Манас ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 16
Катышкандар: 13
Катышпагандар: 3 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Регламент	Тиешелүү материалдар
1	Окумуштуулар кеңешинин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө	Ректор	**5 мин**	Билдирүү, токтом долбоору
2	Профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү жөнүндө	Садырова Н.А. - Окуу иштери боюнча проректор	**10 мин**	Маалымат, токтом долбоору
3	Ар түрдүү маселелер		**35 мин**	
3.1	ЖАЭУнун “Сапат менеджментинин системасын” (СМК) кароо жана бекитүү жөнүндө	Канетова Д.Э. Окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысы	**10 мин**	Баяндама, токтом долбоору
3.2	ЖАЭУнун структурасына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө	Нарбаев М.Р. - Ректор	**5 мин**	Баяндама, токтом долбоору
3.3	Университеттин футболдук клубун түзүү жана анын жобосун бекитүү жөнүндө	Торокулов Э.Ш.- Административдик чарба иштери боюнча проректор	**5 мин**	Баяндама, токтом долбоору
3.4	Кайрымдуулук фондуна университеттин эсебинен акча каражатын бөлүү жөнүндө	Нарбаев М.Р. – Ректор Осмонов А.Б. - Юрист	**5 мин**	Баяндама, токтом долбоору
3.5	Университеттин балансына имараттарды жана спорт аянтчасы үчүн жер тилкелерин сатып алуу жөнүндө	Нарбаев М.Р. - Ректор	**5 мин**	Баяндама, токтом долбоору
3.6	ЖАЭУнун кызматкерлерин бир маал түшкү тамак менен камсыз кылуу үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө	Торокулов Э.Ш.- Административдик чарба иштери боюнча проректор	**5 мин**	Баяндама, токтом долбоору

3.7	Аккредитациянын жыйынтыгы боюнча профессордук – окутуучулук курамды жана кызматкерлерди акчалай сыйлоо жөнүндө	Нарбаев М.Р. - Ректор	**5 мин**	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

Биринчи маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Биринчи маселе боюнча морфологиялык дисциплиналар кафедрасынын жана клиникалык дисциплиналар кафедрсынын башчылары жаңы дайындалгандыктан Phd доктор (медицина) Жуманалиева Максуда Бекиевнаны жана м.и.к., доцент Ташива Гульбара Самидиновнаны жана медицина багытындагы күчтүү адистерди тартуу максатында Жалал-Абад областык Эне жана баланы коргоо борборунун директору м.и.д., профессор Аскеров Арсен Аскеровичти окумуштуулар кеңешинин курамына кошууну сунуштайм.”

Токтом долбоору:

Жуманалиева Максуда Бекиевна – Морфологиялык дисциплиналар кафедрасынын башчысы, Phd доктор (медицина);

Ташиева Гульбара Самидиновна – Клиникалык дисциплиналар кафедрасынын башчысы м.и.к., доцент;

Аскеров Арсен Аскерович – Алима Ташиева атындагы Эне жана баланы коргоо борборунун директору м.и.д., профессор;

ЖАЭУнун окумуштуулар кеңешинин курамына кошулсун. Жалпысынан окумуштуулар кеңешинин курамы 16 кишиден турду.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

Экинчи маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер 2025-2026-окуу жылы үчүн академиялык мобилдүүлүктү тааныштырууга уруксат бериңиздер.

Алгач академиялык мобилдүүлүк боюнча жобо иштелип чыгылган, жобонун негизинде иш аракеттер жүрүп келет.

Жалпы университет түптөлгөндөн бери бизге академиялык мобилдүүлүк боюнча 33 профессор келип студенттеribизге лекция окуп кетишкен.

Университеттин Кыргызстандык, чет өлкөлүк университеттер менен келишимдери бар жана тыгыз иштер жүрүп жатат.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору:

Кийинки окумуштуулар кеңешинде жарым жылдык отчет так маалыматтары менен коюлсун.

3. Ар түрдүү маселелер:

3.1-маселе боюнча окуу маалымат бөлүмүнүн башчысы ф.-м.и.к., доцент Д.Э.Канетова: – “Саламатсыздар, урматтуу кесиптештер 2025-2026-окуу жылы үчүн Сапат менеджментинин системасы боюнча аккредитация учурунда бир нече маселелер чыккан. Алар:

- университеттин ишмердүүлүгүн жөнгө салуу үчүн документтердин жалпы реестринин жоктугу;

- ар кафедрада ар кандай эрежелер болгондугу.

Аккредитация учурунда бир топ кыйынчылыктар болду, риск байкалды, ошондуктан биз ушул Сапат менеджментинин системасын иштеп чыгууну колго алдык.

ISO 9001-2015 негизинде реестр жана бардык жоболорду кайрадан иштеп чыктык, сырткы көзөмөл катары алардын талаптарын алдык ал эми негизги документ ЖАЭУнун уставы жана стратегиялык өнүгүү планы болду. СМКнын архитектурасы жана процесстик модели түзүлдү. Негизинен 10 багыт болду аларда 78 документ камтылды. Бекитип берүүңүздөрдү суранам.”

Суроо бергендер:

ЖАЭУнун президенти э.и.д., профессор Арынбаев Ж.Т. – “Динара Эменовна бул чоң иш жасалды, автору ким? Кафедра жана башка структуралар карап чыгыштыбы?”

Жооп: “Биринчи маселе боюнча Сапат менеджментинин системасынын автору мен өзүм болом. Экинчи маселе боюнча администрацияда ректор, проректорлор карадык, бирок кафедраларга берген жокбуз.”

Сөзгө чыккандар:

Окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова: – “Сапат менеджментинин системасы эң бир негизги документтердин бири. Ошондуктан өзгөртүүлөр менен бекитип берүүнү сунуштайм.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

Сапат менеджментинин системасы толуктоолор жана өзгөртүүлөр менен бекитилсин

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан кабыл алынды.

3.2. ЖАЭУнун структурасына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө ректор Нарбаев М.Р. сүйлөдү: – “ Урматтуу кесиптештер лицензиялык, аккредитациялык талаптар күчөп жаткан мезгилде сапатка коюлган талаптарды күчөтүү жана дарылоо иши боюнча алгылыктуу иштерди жасоо керек болуп жатат, ошондуктан Сапат жана дарылоо иши боюнча проректор кызмат ордун ачууну сунуштайм. Ошондой эле бул кызмат ордунун ачылгандыгына байланыштуу университеттин структурасына, штаттык жадыбалына жана тарифтик-квалификациялык тизмесине өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат.”

Сөзгө чыккандар:

Окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысы ф.-м.и.к., доцент Д.Э.Канетова: – “Урматтуу кесиптештер, жаңы ачылып жаткан кызмат ордуларына макулмун жана сапат жана дарылоо иши проректору келечекте СМКга параллель иштеп сапат боюнча сырттан көзөмөл жүргүзүп, жакшыртуу боюнча сунуштарды берип окуу жайдын өсүп өнүгүшүнө салым кошот деген үмүттөмүн.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. 1 (бир) чен штаттык бирдик “Сапат жана дарылоо иши боюнча проректор” кызмат орду ачылсын жана анын негизинде университеттин структурасына, штаттык жадыбалына жана тарифтик-квалификациялык тизмесине өзгөртүүлөр киргизилсин;
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы университеттин камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештеринин кароосуна сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3.3. Университеттин футболдук клубун түзүү жана анын жобосун бекитүү жөнүндө административдик чарба иштери боюнча проректор Торокулов Э.Ш. сүйлөдү: – **“**Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, баарыңыздарга маалым университеттин рейтингин жогорулатуу жолдорунун бири бул спорт болуп саналат, ошонуктан университеттин өзүнүн футбол клубун тузүүнү жана жобосун бекитип берүүңүздөрдү суранам”.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. Университеттин футболдук клубу түзүлсүн жана анын жобосу бекитилсин.
2. Бул маселени бекитип берүү жагы камкордук кеңешинин жана негиздөөчүлөр кеңешине сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3.4. Кайрымдуулук фондуна университеттин эсебинен акча каражатын бөлүү жөнүндө униыерситеттин ректору, Окумуштуу кеңешинин төрагасы Нарбаев М.Р сүйлөдү: – “Алгач юридикалык жагын карадык, биздин юрист Алтынбек Батыровичтин өзү да карап чыгып, мыйзамдуу түрдө тиешелүү иш кагаздарынын негизинде бул багытта ишмердүүлүктү жүргүзсө боло тургандыгы боюнча маалымат берген. Мыйзамда тоскоолдук кыла турган нерселер жок. Кайрымдуулук иштерин жүргүзүү боюнча жобо да иштелип чыккан жана буга чейин талкуудан өткөн.”

Сөзгө чыккандар:

ЖАЭУнун президенти э.и.д., профессор Арынбаев Ж.Т.: – “Негиздөөчүлөрдүн жана камкордук кеңешинин уруксаты менен университеттин бюджетинин эсебинен 3% акча каражатын жыл сайын кароону сунуштайм жана жобого ылайыктуу сарпталышынсунуштайм.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. ЖАЭУнун кайрымдулук иштерин жүргүзүү боюнча жобосу бекитилсин;
2. Кайрымдуулук иштерине жыл сайын университеттин жалпы бюджетинен 3% өлчөмүндөгү акча каражаты бөлүнсүн;
3. Бул токтом долбоорун бекитип берүү жагы камкордук кеңешине жана негиздөөчүлөрдүн кеңешине сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3.5 маселе боюнча университеттин балансына имараттарды жана спорт аянтчасы үчүн жер тилкелерин сатып алуу жөнүндө Ректор М.Р. Нарбаев сүйлөдү: - “Бул мезгилге чейин бизге келген комиссиялар эскертишкен, университтин өзүнүн жеке менчик имараттары болушу керек, биздин имараттар бардыгы оперативдик башкарууда турат, ошондуктан бул имараттарды негиздөөчүдөн сатып алуу жагын карашыбыз керек. Университетке оперативдик башкарууга берилген имараттардын баары негиздөөчүнүн менчигинде. Негиздөөчү бул имараттарды университеттин балансына сатып алууга макулдугун берген. Ошондуктан бул имараттарды сатып алуу үчүн университеттин эсебинен акча каражатын бөлүп беришибиз керек.”

Токтом долбоору

1. Университетке буга чейин келишимдин негизинде оперативдик башкарууга берилген имараттарды сатып алуу үчүн университеттин эсебинен акча каражаты бөлүнсүн;
2. Спорт аянтчалары үчүн жер тилкелерин сатып алууга акча каражаты бөлүнсүн;
3. Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөрдүн жана камкордук кенештерине сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3.6 ЖАЭУнун кызматкерлерин бир маал түшкү тамак менен камсыз кылуу үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө административдик чарба иштери боюнча проректор Торокулов Э.Ш. сүйлөдү: – “Өзүңүздөргө белгилүү болгондой биз менен бир даректе жайгашкан эң жакын өнөктөш WCIEC ишканасы буга чейин өздөрүнүн кызматкерлери менен кошо биздин кызматкерлерди да бир маал ыссык тамак менен камсыз кылып келишкен. Окуу жайыбыздын чоңоюшу менен кызматкерлердин саны да көбөйүп жатат, ошондуктан бул ишкана мындан ары биздин кызматкерлерди бир маал ыссык тамак менен камсыз кылуудан баш тартып жатат. Университеттин кызматкерлеринин өтүнүчүн эске алып ушул нерсени мындан ары да улантсак жакшы болмок. Ошондуктан университеттин кызматкерлерин бир маал түшкү тамак менен камсыз кылуу үчүн университеттин бюджетинен каржылоону сунуштайм.”

Токтом долбоору

1. ЖАМУнун кызматкерлерин бир маал түшкү тамак менен камсыз кылуу үчүн университеттин эсебинен акча каражаты бөлүнсүн.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы камкордук кеңешиниие жана негиздөөчүлөр кеңешине сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3.7 маселе боюнча университеттин ректору, Окумуштуу кеңешинин төрагасы Нарбаев М.Р сүйлөдү: Урматтуу кесиптештер ЖАЭУнун административдик кызматкерлерин жана профессордук отукутуучулук курамдын өзгөчөлөнгөн кызматкерлерин акчалай сыйлоо боюнча туура көрдүк. Чындыгында кыска убакытта НААР аккредитациялык агенттиктин талаптары боюнча өзүн-өзү баалоо отчетун жазуу өзү кыйын. Ошондуктан аккредитациядан өтүүдө документтерин даярдаганда, комиссия келген учурда активдүүлүктү көрсөткөн төмөнкү администартивдмк кызматкерлер жана профессордук – окутуучулук курамды акчалай сыйлык менен сыйлоону чечтик.

№	Ф.А.А.	Суммасы
1	Арынбаев Жаныбай	60 000
2	Мухаммад Шоиб Шахид Нур Мухаммад	60 000
3	Нарбаев Мирсадык	60 000
4	Садырова Нургуль	50 000
5	Дипак Чаулагаин	50 000
6	Асилова Зульфия	50 000
7	Торокулов Элдияр	50 000
8	Канетова Динара	50 000
9	Астанов Шавкат	50 000
10	Сыдыкова Бүбүкан	30 000
11	Ураимов Алмаз	20 000
12	Жаанбаев Замир	20 000
13	Абдыкасов Бактыбек	20 000
14	Нарматов Мелис	20 000
15	Чойбекова Назгул	20 000
16	Шерипбаева Айназик	20 000
17	Акрамжанов Акмаль	20 000
18	Атабеков Теңирберди	20 000
19	Арзыкулова Айнагуль	20 000
20	Макамбай кызы Айгерим	20 000
21	Джорабаев Фарходжон	20 000
22	Курбанова Назгуль	20 000
23	Тагаева Мира	20 000
	Баары	770 000

Сөзгө чыккандар

Окуу иштери боюнча проректор Садырова Н.А. – Э туура чечим болду деп эсептейм, себеби административдик кызматкерлер жана профессордук окутуучулук курам иштөө режиминен үстөк мөөнөт иштешти, ишемби, жекшемби күндөрүнө да карабай аккредитацияга даярдык көрүштү. Бул чечимди колдойм баарыныздарды колдоого чакырам.

Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А.Асилова – НААР аккредитациялык агенттиктин талаптарына ылайык даярдануу оор, талаптары күчтүү ошого карабастан биринчи жолу бул агенттиктен өтүп 3 жылга сертификат алышыбыз - бул чон эмгекти талап кылган жумуштун жыйынтыгы. Ректордун чечимин колдойм, баарыныздарды колдоого сунуштайм.

Токтом долбоору

1. Аккредидитациянын жыйынтыгы боюнча көрсөтүлгөң профессордук - окутуучулук курам жана кызматкерлер белгиленген өлчөмдөгү акчалай сыйлык менен сыйлансын.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы камкордук кеңешиниие жана негиздөөчүлөр кеңешине сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. ЖАЭУнун окумуштуулар кеңешинин курамына толукталсын. Жалпысынан окумуштуулар кеңешинин курамы 16 кишиден турган жаңы курам бекитилсин.
2. Профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү жөнүндөгү маселе кийинки окумуштуулар кеңешинде жарым жылдык отчет так маалыматтары менен коюлсун.
3. Ар түрдүү маселелер

3.1 Сапат менеджментинин системасы толуктоолор жана өзгөртүүлөр менен бекитилсин

3.2.а) (бир) чен штаттык “Сапат жана дарылоо иши боюнча проректор” кызмат орду ачылсын жана анын негизинде университеттин структурасына, штаттык жадыбалына жана тарифтик-квалификациялык тизмесине өзгөртүүлөр киргизилсин;

б) Бул чечимди бекитип берүү жагы университеттин камкордук жана негиздөөчүлөр кеңештеринин кароосуна сунушталсын.

3.3. а) Университеттин футболдук клубу түзүлсүн жана аын жобосу бекитилсин.

б) Бул маселени бекитип берүү жагы камкордук кеңешинин жана негиздөөчүлөр кеңешине сунушталсын.

3.4. а) ЖАЭУнун кайрымдулук иштерин жүргүзүү боюнча жобосу бекитилсин;

б) Кайрымдуулук иштерине жыл сайын университеттин жалпы бюджетинен 3% өлчөмүндөгү акча каражаты бөлүнсүн;

в) Бул токтом долбоорун бекитип берүү жагы камкордук кеңешине жана негиздөөчүлөрдүн кеңешине сунушталсын.

3.5. а) Университетке буга чейин келишимдин негизинде оперативдик башкарууга берилген имараттарды сатып алуу үчүн университеттин эсебинен акча каражаты бөлүнсүн;

б) Спорт аянтчалары үчүн жер тилкелерин сатып алууга акча каражаты бөлүнсүн;

в) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөрдүн жана камкордук кенештерине сунушталсын.

3.6. а) ЖАМУнун кызматкерлерин бир маал түшкү тамак менен камсыз кылуу үчүн университеттин эсебинен акча каражаты бөлүнсүн.

б) Бул чечимди бекитип берүү жагы камкордук кеңешиинде жана негиздөөчүлөр кеңешине сунушталсын.

3.7.Аккредидитациянын жыйынтыгы боюнча көрсөтүлгөн профессордук - окутуучулук курам жана кызматкерлер белгиленген өлчөмдөгү акчалай сыйлык менен сыйлансын.

3.8. Бул чечимди бекитип берүү жагы камкордук кеңешиинде жана негиздөөчүлөр кеңешине сунушталсын.

Көчүрмөсү анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.